**Долбоор**
**1 тиркеме**

**Товардык белгини жана тейлөө белгисин каттоого өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун**

# ЭРЕЖЕЛЕРИ

Товардык белгини жана тейлөө белгисин каттоого өтүнмө түзүүнүн, берүүнүн жана карап чыгуунун бул эрежелери "Товардык белгилер, тейлөө белгилери, **географиялык көрсөтмөлөр** жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине ылайык иштелип чыкты.

**Эл аралык өтүнмөлөрдүн экспертизасынын тартиби жана мөөнөтү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген, тиешелүү эл аралык келишимдер жана аларга негизделген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимдери менен белгиленет.**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. **Ушул Эрежелерде пайдаланылуучу** негизги терминдер жана түшүнүктөр:

**Мыйзам** - "Товардык белгилер, тейлөө белгилери, **географиялык көрсөтмөлөр** жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

**Кыргызпатент** - интеллектуалдык менчик жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;

**өтүнмө** - товардык белгини жана тейлөө белгисин каттоого **тиркелген материалдары менен** өтүнмө**;**

**товардык белги** - бир юридикалык же жеке жактарга тиешелүү болгон товарды башка юридикалык жана жеке жактардын окшош товарынан айырмалоого жөндөмдүү товардык белги жана тейлөө белгиси, анын ичинде жамааттык белги;

**ТКЭК** - Белгилерди каттоо үчүн товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү эл аралык классификациялоо; Кыргыз Республикасы 1957-жылдын 15-июнундагы Белгилерди каттоо үчүн товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү эл аралык классификациялоо жөнүндө Ницца макулдашуусуна 1998-жылдын 10-декабрында "Белгилерди каттоо үчүн товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү эл аралык классификациялоо жөнүндө Ницца макулдашуусуна Кыргыз Республикасынын кошулушу тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык кошулган;

**Париж конвенциясы** - Кыргыз Республикасы тарабынан 1994-жылдын 6-январдагы өнөр жай менчиги жаатындагы эл аралык келишимдерге карата Кыргыз Республикасынын декларациясы менен таанылган, 1883-жылдын 20-мартындагы Өнөр жай менчигин коргоо боюнча Париж конвенциясы. 1994-жылдын 14-февралында күчүнө кирген;

**Мадрид макулдашуусу** - Кыргыз Республикасы тарабынан 1994-жылдын 6-январдагы өнөр жай менчиги жаатындагы эл аралык келишимдерге карата Кыргыз Республикасынын декларациясы менен таанылган, 1891-жылдын 14-апрелиндеги

Белгилерди эл аралык каттоо жөнүндө Мадрид макулдашуусу. 1994-жылдын 14-февралында күчүнө кирген.

**Белгилерди эл аралык каттоо жөнүндө Мадрид макулдашуусунун протоколу – 1989-жылдын 28-июнундагы Белгилерди эл аралык каттоо жөнүндө Мадрид макулдашуусунун протоколу, буга Кыргыз Республикасы 2003-жылдын 30-декабрындагы № 243 “Мадрид макулдашуусунун протоколуна Кыргыз Республикасынын кошулушу тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык кошулган;**

**Сингапур келишими – 2006-жылдын 5-мартындагы Товардык белгилер боюнча мыйзамдар жөнүндө Сингапур келишими, 2008-жылдын 5-апрелиндеги №51 “Товардык белгилер боюнча мыйзамдар жөнүндө Сингапур келишимин ратификациялоо тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен ратификацияланган;**

**ИМБДУ – Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюму;**

**ИМБУнун ST.3 стандарты – өлкөлөрдү, административдик бирдиктерди жана өкмөттөр аралык уюмдарды көрсөтүү үчүн эки тамгалуу кодго ИМБДУнун сунуштаган стандарты;**

**Дискламация – Мыйзамга ылайык коргоого тийиштүү болбогон кандай болбосун билдирилген белгинин элементин укуктук коргоодон чыгаруу;**

**Товар – эркин алмашууга катышуучу кайсы болбосун буюм, ошондой эле материалдык эмес кызматтар (кызмат көрсөтүүлөр, жумуш);**

**Окшош товарлар – бул бирдей атоого болбой турган, бирок окшош мүнөздөмөлөргө, касиеттерге жана компонеттерге ээ болгон, белгиленген продукция, кызмат көрсөтүү же жумуш;**

**Эл аралык патенттелбеген аталыштар (ЭПА) – Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму тарабынан сунушталган, дары каражатынын колдонулуп жаткан затынын бөтөнчө аталышы;**

**Кыргыз Республикасынын патенттик ишенимдүү өкүлү – Кыргыз Республикасынын Патенттик ишенимдүү өкүлдөр жөнүндө мыйзамында белгиленген тартипте аттестациядан өткөн, Кыргыз Республикасынын Патенттик ишенимдүү өкүлдөрүнүн мамлекеттик реестринде катталган жеке жак;**

**Ушул Эрежелерде пайдаланылуучу башка түшүнүктөр Мыйзамдын 2-беренесинде аныкталган маанисинде колдонулат.**

## 2-глава. Товардык белгини жана тейлөө белгисин каттоого өтүнмө түзүү жана берүү

2. Товардык белгиге өтүнмө берүүгө жана каттоого кайсы болбосун юридикалык **жана жеке жак** (мындан ары - өтүнмө ээси) укуктуу.

3. **Өтүнмө жана өтүнмөгө тиркелеген документтер Кыргызпатентке түздөн-түз берилет же почта боюнча кагаз түрүндө же өтүнмөлөрдү электрондук түрдө берүүнүн системасы (мындан ары - ӨЭБ) аркылуу жөнөтүлөт.**

4. Өтүнмө **Кыргыз Республикасынын** патенттик ишенимдүү өкүлү же башка өкүл аркылуу берилсе болот.

Чет өлкөлүк юридикалык жактар же Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашаган жеке жактар же алардын патенттик ишенимдүү өкүлдөрү эгерде **Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер менен** башка тартип белгиленбесе, **Кыргыз Республикасынын**

патенттик ишенимдүү өкүлдөрү аркылуу товардык белгини каттоого байланыштуу иштерди жүргүзө алышат.

5. Товардык белги катарында сөз менен берилген, сүрөттөлгөн, көлөмдүк жана башка белгилер же алардын айкалышы катталса болот.

Сөз менен берилген белгилерге сөз менен берилген мүнөздөгү, сөздөр, тамгалардын айкалыштары, сөздөрдүн айкалыштары, сунуштар, башка тилдеги сөздөр, ошондой эле алардын айкалыштары кирет.

Сүрөттөлгөн белгилерге тирүү жандыктардын, предметтердин, жаратылыш жана башка объектилердин сүрөттөрү, ошондой эле кандай формалардын болбосун фигуралары, сызыктардын, тактардын, тегиздиктеги фигуралардын, **ошондой эле сөздөрдүн, тамгалардын жана (же) өзгөчө шрифттик же графикалык аткарылган сандардын** композициялары кирет.

Көлөмдүк белгилерге **үч өлчөмдүк аткарылган объектилер же фигуралар түрүндөгү белгилер кирет.**

Айкалышкан белгилерге сүрөттөр, сөздөр, **тамгалар, сандар,** көлөмдүк белгилер ж.у.с. ар түрдүү мүнөздөгү элементтердин айкалыштары кирет.

**Мыйзамдын 7-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган башка белгилерге визуалдык жактан айырмаланган голографиялык белгилер жана башка визуалдык жактан айырмаланган белгилер, анын ичинде өзгөчө шрифт же графика менен аткарылган тамга менен сандар, позициялык жана/же жарык берүүчү белгилер кирет.**

**Тамга белгилерине тамгалардан турган жана сөздүк мүнөзгө ээ болбогон белгилер кирет.**

**Сандык белгилерге сандардан турган белгилер кирет.**

**Сөз, тамга жана сан белгилери кандай болбосун өзгөчө шрифттик же графикалык аткаруусуз кириллица жана (же) латын алфавитин, араб жана (же) рим сандарын пайдалануу менен аткарылат.**

**Түстү жана түстүн айкалышын билдирген белгилерге бир же экиден ашык түс түрүндөгү берилген белгилер кирет.**

**Позициялык белгилерге тийиштүү товарларга карата белгинин позициясын, анын өлчөмүн же пропорциясын тиешелүү түрдө идентификациялоочу, репродукция түрүндө каттоого берилүүчү товардагы белги кирет.**

**Ушул Эрежелер** визуалдык жактан айырмаланбаган белгилерге, ошондой эле үн жана жыт белгилерине колдонулбайт.

Товардык белги кандай болбосун түстө же түстүк айкалышта катталышы мүмкүн.

6. Мыйзамдын **9-беренесине** ылайык төмөнкүлөрдөн турган белгилер товардык белги катары катталбайт:

а) айырмалоочу жөндөмгө ээ болбогондор;

Айырмалоочу жөндөмгө ээ болбогон белгилерге төмөнкүлөр кирет:

- мүнөздүү графикалык аткарылышы болбогон өз алдынча өзүнчө тамгаларды, сандарды, тилдин үчтөн кем болбогон өзүнчө бирдиктеринин айкалышынан турган оозеки мүнөздө болбогон тамгалардын жана/же сандардын айкалышын билдирген белгилер;

- өз алдынча өзүнчө сызыктарды, жөнөкөй геометриялык фигураларды, ошондой эле аларга кирүүчү өзүнчө элементтерди билүүдөн айырмаланып, билүүнүн сапаттуу

башка деңгээлин берүүчү композицияны түзбөгөн алардын айкалышын билдирген белгилер;

- ушул товарларды белгилөө үчүн каттоого товардык белги катарында билдирилүүчү товарлардын чыныгы же схемалык сүрөттөлүшү;

- алардын формасы өзгөчө функционалдуу арналышы менен шартталган үч өлчөмдүү объектилер;

- өз алдынча эреже катары ушул товарларды белгилөө үчүн билдирилген товарлардын жөнөкөй көрсөтмөлөрүн билдирген жалпы кабыл алынган аталыштар; уюмдардын, ишканалардын, тармактардын жалпы кабыл алынган кыскартылган аталыштары жана алардын аббревиатуралары;

**б) сыпаттоочу болуп саналгандар, атап айтканда, төмөнкүдөй элементтерден гана тургандар:**

**- товарлардын түрүн, сапатын, санын, касиеттерин, курамын, багытын, баалуулугун, ошондой эле чыккан убакытын, жерин, аларды өндүрүүнүн же сатуунун ордун жана ыкмаларын белгилөө үчүн пайдаланылган;**

**Мындай белгилерге негизинен, товарлардын жөнөкөй ататыштары; товарлардын сапатынын категорияларынын белгилери; товарлардын касиеттерин көрсөтүү (анын ичинде мактоочу мүнөздөгү); материалдын же чийки заттын курамы; товарлардын салмагын, көлөмүн, баасын көрсөтүү; товарларды чыгаруу датасы; өндүрүштү түзүү тарыхы; ишканалардын түрдүк аталыштары; товарды чыгаруучулардын жана ортомчулук фирмалардын даректери; алар товарды өндүрүүчүнүн турган ордун көрсөтүү катарында кабыл алынышы мүмкүн болгон, жарым-жартылай же толугу менен географиялык аталыштан турган белгилер кирет;**

**- жалаң гана же негизинен товардын касиети же багыты менен аныкталуучу товардын формасын билдирген;**

**- дары каражаттарынын эл аралык патенттелбеген аталыштарын билдирген;**

в) мамлекеттик гербдерди, желектерди **жана башка мамлекеттик эмблемаларды,** мамлекеттердин расмий жана кыскартылган аталыштарын, эл аралык уюмдардын кыскартылган же толук аталыштарын, алардын гербдерин, желектерин жана башка эмблемаларын, расмий контролдук, кепилдик жана сынамык энтамгаларды, мөөрлөрдү, сыйлыктарды, акча белгилерин жана башка айырмалоочу белгилерди же чаташтырган деңгээлге чейин аны менен окшош белгилерди билдирген элементтерден **гана** турган.

Мындай белгилер эгер буга тийиштүү компетенттүү органдын же анын ээсинин макулдугу болсо, товардык белгиге корголбогон элемент катарында киргизилсе болот;

в) белгиленген түрдүн товарларын белгилөө катарында жалпы пайдаланууга киргизилгендер.

Ушундай белги катарында белгиленген товар үчүн пайдаланылуучу белги түшүндүрүлөт, ал аны узак убакыт бою пайдалануунун натыйжасында бир же ошол эле товар же ошол түрдөгү эле товар үчүн ар түрдүү жасап чыгаруучулар тарабынан түрдүк түшүнүк болуп калды;

д) алар үчүн белги катарында ушундай терминдерди же символдорду пайдалануу сунуш кылынган товарларга карата жалпы кабыл алынган терминдер же символдор болуп эсептелингендер.

Жалпы кабыл алынган символдорго эреже катарында чарба тармагын же ишмердүүлүк жаатын символдоштурган белгилер кирет, аларга булар үчүн товардык

белгини каттоо суралган товарлардын тизмесиндеги товарлар; илим жана техникада пайдаланылуучу шарттуу белгилер кирет.

Жалпы кабыл алынган терминдерге илим жана техниканын конкреттүү тармактары үчүн мүнөздүү болгон лексикалык бирдиктер кирет;

е) товарлардын түрүнө, сапатына, санына, касиетине, арналышына, баалуулугуна, ошондой эле убакытына жана алардын чыгарылган ордуна, өндүрүшүнө жана сатылышына көрсөткөндөр.

Мындай белгилерге негизинен товарлардын жөнөкөй аталыштары; товарлардын сапатынын категориясынын белгилери; товарлардын касиетинин көрсөтмөлөрү (анын ичинде мактаган мүнөздөгүлөр); материалдын же чийки заттын көрсөтмөлөрү; товарлардын салмагынын, көлөмүнүн, баасынын көрсөтмөлөрү; товарлар чыгарылган күнү; өндүрүштү түзүү тарыхы боюнча маалыматтар; ишканалардын түрлөрүнүн аталыштары; товарды чыгаруучулардын жана ортомчу фирмалардын даректери; товар чыгаруучунун турган ордуна көрсөтмө катарында кабыл алынса боло турган жарым-жартылай же толугу менен географиялык аталыштардан тургандар кирет;

Ушул пункттун г), д), е) пунктчаларында көрсөтүлгөн белгилер эгер алар анда басымдуулук кылган абалды ээлебесе, корголбоочу элемент катарында товардык белгиге киргизилсе болот.

**ж) Кыргыз Республикасынын толук же кыскартылган аталышын жана анын негизинде түзүлгөн сөздөрдү же сөз айкалыштарын камтыган.**

**Мындай белгилер Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленүүчү пайдалануу тартибине ылайык каралат.**

**з) Кыргыз Республикасынын элинин маданий мурастарынын объекттеринин же болбосо бүткүл дүйнөлүк маданий же жаратылыш мурастарынын объекттеринин расмий аталыштары жана сүрөттөрү менен чаташтырган деңгээлге чейин окшош же бирдей. Кыргыз Республикасынын маданий жана жаратылыш мурастарынын объекттеринин тизмеги, ошондой эле аталган объектилердеги көрсөтүлгөн элементтерди товардык белгиге киргизүүгө макулдук берүү тартиби Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.**

7. Төмөнкү белгилер товардык белги же алардын элементтери катарында каттоого уруксат берилбейт:

а) товарга же аны чыгаруучуга карата жалган же керектөөчүнү жаңылууга алып келүүгө жөндөмдүү болуп эсептелгендер.

Мындай белгилерге негизинен пайдалануучунун сезимине чындыкка туура келбеген товардын белгиленген сапаты, аны чыгаруучу же чыгарылган жери жөнүндө түшүнүктү жараткан белгилер кирет. **Керектөөчүнү жаңылышууга алып келүүгө жөндөмдүү белгилер катарында ушундай белгини пайдалануучу же мурда пайдаланып келген башка жактардын белгилери таанылышы мүмкүн. Товарды (кызмат көрсөтүүнү) даярдоочу же келдип чыккан орду жөнүндө маалымдар экспертизанын жүрүшүндө келип түшкөн каршы пикирлерде, ошондой эле Интернет булактарында камтылышы мүмкүн.**

Белги эгер анын элементтеринин бири гана жалган же жаңылышууга алып келген болуп эсептелсе, жалган же жаңылышууга алып келген болуп таанылат;

б) эгер ушундай белгилер көрсөтүлгөн жерден чыгарылбаган, ошондой эле товардын анык чыгарылган жерин жалган көрсөткөн, бирок товар башка аймактан чыгарылгандыгы тууралуу жаңылыштык менен түшүнүк берген винолор же күчтүү спирттик ичимдиктер үчүн арналган болсо, Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринин күчү менен корголуучу винолордун же күчтүү спирттик ичимдиктердин чыгарылган жерин өз алдынча билдиргендер же көрсөтмөнү камтыгандар;

в) жалпы кызыкчылыктарга, гумандуулук жана моралдык принциптерине каршы келгендер.

Мындай белгилерге негизинен адепсиз мазмундагы сөздөр жана сүрөттөр, адамдын кадырын кемсинткен гумандуулукка каршы мүнөздөгү чакырыктар, диний сезимдер ж.у.с. кирет.

8. Мыйзамдын **10-беренесине** ылайык жаңылышуу деңгээлине чейин окшош же бирдей окшош товарлар үчүн товардык белги катарында төмөнкүлөр катталбайт:

а) башка жактын жана мурун артыкчылык алгандын атына Кыргыз Республикасында мурун катталган же каттоого өтүнмө берилген товардык белгилери менен;

б) Кыргыз Республикасында катталган же каттоого берилген фирмалык аталыштар менен – **кыйла мурда артыкчылык алган** ишмердүүлүктүн окшош же бирдей түрлөрүнө же товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө карата;

в) Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринин күчү менен корголуучу башка жактардын товардык белгилери менен.

Окшош товарларга карата ушул пункттун а), б), в) пунктчаларында көрсөтүлгөн товардык белги менен жаңылышуу деңгээлине чейин окшош белгини каттоо ушул белгини каттоого мындай товардык белгинин ээсинин макулдугу берилген шартында уруксат берилет.

**Бир түрдүү болбогон товарларга карата мурда катталган товардык белги менен жаңылышуу деңгээлине чейин окшош белгини каттоо ушул белгини каттоого мурда катталган товардык белгинин укук ээсинин макулдугун берген катты бербестен, уруксат берилет.**

9. Кайсы болбосун товарларга карата аралашуу деңгээлине чейин окшош же бирдей белгилер товардык белги катарында катталбайт:

а) **өтүнмө берилген белгинин артыкчылыгына караганда, кыйла мурдагы датасы менен кандай болбосун товарларга карата,** Кыргыз Республикасында белгиленген тартипте жалпыга белгилүү болгон товардык белгилер болуп таанылгандар. Кыргыз Республикасында жалпыга белгилүү болгон товардык белгинин критерийлери жана жалпыга белгилүү болгонун таануунун тартиби Кыргыз Республикасынын **Министрлер Кабинети** тарабынан аныкталат;

б) качан алар ушул аталышты **же географиялык көрсөтмөнү** пайдаланууга укугу бар жактын атына катталуучу товардык белгиге корголбоочу элемент катарында киргизилген учурдан тышкары, Мыйзамга ылайык корголуучу **географиялык көрсөтмөлөр же** товарлар чыгарылган жерлердин аталышы менен.

Географиялык аталыштарды камтыган, керектөөчүнү өтүнмө ээси турган ордуна байланыштуу жаңылышууга алып келүүгө жөндөмдүү, ошондой эле ээсинин биринин

атына аларды каттоо үчүнчү жактардын укугунан кемсинтүүгө алып келген белгилер катталбайт.

Өтүнмө берилген товарларга карата ачык фантазиялык мүнөзгө ээ болгон географиялык аталыштар түрүндөгү белгилер товардык белгиге корголбоочу элемент катарында киргизилсе болот.

**в) буга Кыргыз Республикасында укук каттоого өтүнмө берилген товардык белгинин артыкчылык датасынан мурда келип чыккан, Кыргыз Республикасында корголуучу селекциялык жетишкендиктин аталышы менен.**

10. Мыйзамдын **10-беренесине ылайык** төмөнкүлөрдү **камтыган** белгилер товардык белгиси катарында катталбайт:

а) **эгерде тиешелүү чыгармага карата укуктар катталуучу товардык белгинин артыкчылык датасынан мурда келип чыккан болсо,** автордук укук ээсинин макулдугусуз илим, адабият жана искусство чыгармаларынын, алардын персонаждарынын же цитаталардын, искусство чыгармаларынын же алардын фрагменттеринин Кыргыз Республикасындагы белгилүү аталыштары менен;

б) белгилүү адамдардын фамилиялары, аттары, жашыруун аттары жана алардын уйкаштары, ошондой эле портреттери менен факсимилелери - өздөрүнүн же алардын мураскорлорунун макулдугусуз, ал эми мындай белгилөөлөр Кыргыз Республикасынын тарыхы менен маданиятынын энчиси болуп эсептелген учурларда - Кыргыз Республикасынын **Министрлер Кабинетинин** уруксатысыз;

в) эгер каттоого өтүнмө берилген товардык белгиге салыштырмалуу өнөр жай үлгүсү андан мурунку артыкчылыкка ээ болсо, Кыргыз Республикасында аларга болгон укуктар башка жактарга таандык болгон өнөр жай үлгүлөрү;

**8-пунктта жана ушул пункттун “б” жана “в” пунктчаларында көрсөтүлгөн товардык белгиге, фирмалык аталышка, өнөр жай үлгүсүнө же башка объектилерге чаташтырган деңгээлге чейин окшош белгини каттоого мындай товардык белгинин, фирмалык аталыштын, өнөр жай үлгүсүнүн же башка объектинин укук ээси жазуу жүзүндөгү макулдугун берген шарттарда жол берилет, аны артка кайтарып алуу мүмкүн эмес. Макулдук берүү каты Кыргызпатент белгилеген талаптарга ылайык таризделет.**

11. Өтүнмө бир гана товардык белгиге тийиштүү болушу керек. Биринен-бири кандайдыр бир элементтери менен айырмаланган белгилер ар башка товардык белгилер болуп эсептелинет.

12. Өтүнмө төмөнкүлөрдү камтышы керек:

- өтүнмө ээсин, ошондой эле анын турган ордун же жашаган жерин **жана электрондук почтасынын дарегин** көрсөтүү менен товардык белги катарында белгини каттоо жөнүндө арыз (мындан ары - арыз);

- өтүнмө берилген белгилөө;

**- алар үчүн товардык белгини каттоо суралган ТКЭКтин класстары боюнча топтоштурулган товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеги (мындан ары – товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеги).**

13. Өтүнмөгө төмөнкүлөр тиркелиши керек:

а) өтүнмө менен бирге же кошумча алым төлөгөн шартында, аны **сурам жиберген** датадан тартып **үч** айдын ичинде берилүүчү белгиленген өлчөмдө алым төлөгөндүгүн тастыктаган документ;

б) эгер өтүнмө жамааттык белгини каттоого берилсе, жамааттык белгинин уставы.

Жамааттык белгинин уставы аталышын, ушул белгини пайдаланууга укугу бар юридикалык жактардын тизмесин, аны каттоонун максатын, жамааттык белги менен белгилене турган товарлардын тизмесин жана бирдиктүү сапаттуу же башка жалпы мүнөздөмөлөрүн, аны пайдалануунун шарттарын, анын пайдаланылышын контролдоонун тартибин, жамааттык белгинин уставын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик жөнүндө маалыматтарды камтыйт;

в) патенттик ишенимдүү өкүл аркылуу берилүүчү өтүнмөгө өтүнмө ээси ага берген жана анын ыйгарым укуктарын тастыктаган ишеним кат, же тийиштүү түрдө күбөлөндүрүлгөн ишеним каттын көчүрмөсү тиркелет.

Кыргыз Республикасында таризделүүчү Кыргызпатенттин алдында өкүлчүлүк кылууга ишеним Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында караштырылган тартипте түзүлөт. Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары таризделүүчү ишеним кат ал түзүлгөн өлкөнүн мыйзамдары менен караштырылган тартипте жана мөөнөттө түзүлөт, ал эми анык экенине шектенүү болгон учурда - легалдаштыруу **Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер менен** же өз ара жактыруунун негизинде талап кылынбаган учурдан тышкары, Кыргызпатенттин өтүнүчү боюнча Кыргыз Республикасынын консулдук мекемесинде мыйзамдаштырылат.

Кыргызпатентте катталган патенттик ишенимдүү өкүлгө Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашаган чет өлкөлүк юридикалык жактын же жеке жактын кызыкчылыгын билдирүүгө ишеним кат ушул жактын өзү жана өтүнүүчү берген тийиштүү ишеним каты бар патенттик ишенимдүү өкүл тарабынан берилет. Акыркы учурда айтылган ишеним каттын экөө тең же тиешелүү түрдө таризделген алардын көчүрмөлөрү көрсөтүлөт.

Өтүнмө ээси тарабынан **Кыргыз Республикасынын** патенттик ишенимдүү өкүлүнүн атына берилген ишеним кат төмөнкүдөй шарттарга жооп бериши керек:

**- юридикалык жак түзгөн ишеним катка ушул юридикалык жактын мөөрүн коюу менен, юридикалык жактын жетекчиси кол коёт;**

**- жеке жак түзгөн ишеним катка ушул мөөрдү коюу менен (ал болсо), аны берген жак кол коёт;**

- ишеним катта **Кыргыз Республикасынын патенттик ишенимдүү өкүлүнүн фамилиясы, аты, атасынын аты (болсо) жана ыйгарым укугунун көлөмү көрсөтүлөт;**

- ишеним катта ал түзүлгөн датасы көрсөтүлүшү керек, ансыз ал жараксыз.

**Анын мазмуну Сингапур келишиминин Нускамасында каралган Типтүү эл аралык бланкына окшош, Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары түзүлгөн ишеним кат эгер анда колу же мөөрү коюлган болсо, кабыл алынат.**

**Ишеним катта камтылган маалымдардын аныктыгына байланыштуу шектенүү келип чыккан учурда, аталган ишеним кат экспертизанын талабы боюнча белгиленген тартипте легалдаштырылышы (апостиль кылуу) керек.**

Эгер ишеним кат Кыргызпатентте катталган бир нече патенттик ишенимдүү өкүлдөрдүн атына берилсе, анда өтүнмө боюнча товардык белгини каттоо боюнча иштерди алардын кайсынысы болбосун тарабынан жүргүзүлөт.

Ишеним катта ага ыйгарым укук берилген патенттик ишенимдүү өкүлдүн кандай болбосун аракети өтүнмө ээсинин аракети катары эсептелинет.

г) конвенциялык артыкчылыкты сураган өтүнмөгө өтүнмө ээси Париж конвенциясынын катышуучу-мамлекетинде берген биринчи өтүнмөсүнүн (мындан кийин - биринчи өтүнмө) көчүрмөсү тиркелет, ал Кыргызпатентке өтүнмө берилген күндөн тартып үч айдан кечиктирилбестен берилет.

Конвенциялык артыкчылыкты аныктоо жөнүндө **өтүнүч кат** өтүнмө берүүдө (арыздын тийиштүү графасында жазылат) же Кыргызпатентке өтүнмө берилген күндөн тартып эки айдын ичинде берилет;

д) өтүнмөгө көргөзмөлүк артыкчылыкты суроо менен ушундай артыкчылыкты суроо жөндүү экендигин тастыктаган документ тиркелет, ал Кыргызпатентке өтүнмө берилген күндөн тартып **эки** айдан кечиктирилбестен берилет.

Өтүнмө ээси тарабынан берилген документ көргөзмөнүн статусун Париж конвенциясынын катышуучу-мамлекеттеринин биринин аймагында уюштурулган эл аралык расмий же расмий таанылган катарында тастыкташы керек жана көргөзмөдөгү товарларды, белгилерди, алар белгилеген товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесин көргөзмөгө койгон жактын аталышын, ошондой эле көргөзмөдө экспонаттардын ачык көрсөтүлүшүнүн башталган күнүн камтышы керек. Документ тиешелүү көргөзмөнүн администрациясы же уюштуруу комитети тарабынан күбөлөндүрүлүшү керек.

Көргөзмөлүк артыкчылыкты аныктоо жөнүндө **өтүнүч кат** өтүнмө берүүдө (арыздын тийиштүү графасында жазылат) же Кыргызпатентке өтүнмө берилген күндөн тартып эки айдын ичинде берилет;

е) өтүнмө берилген белгинин сыпаттамасы. Сыпаттама өтүнмө берилген белгинин маңызын, анын идентификациясын түшүнүү үчүн кызмат кылат.

Сыпаттамада өтүнмө берилген белгинин мүнөздөмөсү берилет: анын түрү (сөз менен берилиши, сүрөттөр ж.у.с.), аны түзгөн элементтердин сыпаттамасы, белгинин бүтүндөй же анын бөлүктөрүнүн (элементтеринин) түшүнүк берүүчү мааниси.

Эгер сөз менен берилген белгиси же анын бөлүгү түшүнүк берүүчү мааниге ээ болбосо, анда анын түзүлүшүнүн ыкмасы көрсөтүлөт, мисалы: бир нече сөздөрдүн башкы муундары, аббревиатура, ойлоп чыгарылган сөз ж.у.с.

Эгер сөз менен берилген белги кыргыз же орус тилинде аз пайдаланылуучу болуп эсептелсе (мисалы: атайын термин, тарыхый аталыш, эскирген сөз), анда анын мааниси көрсөтүлөт.

Эгер сөз менен берилген белги кыргыз же орус тилинен башка тилде берилсе, анда транслитерацияга келтирүү, б.а. фонетикалык тыбыштарын орус алфавитинин тамгалары менен берүү, ошондой эле белги түшүнүк берүүчү мааниге ээ болсо котормосу зарыл.

Эгер белги же анын бөлүгү сүрөттөр менен берилген болуп эсептелсе, анда ага кирген бардык элементтердин сыпаттамасы берилет жана эгер болсо, түшүнүк берүүчү мааниси көрсөтүлөт.

Эгер сүрөт белги абстрактуу мүнөзгө ээ болсо, анда ал өз алдынча эмнени символдоштурганы көрсөтүлөт. **Өтүнмөгө билдирилген белгинин үч өлчөмдүү санариптик сүрөтү (3D) электрондук түрдө тиркелиши мүмкүн.**

**ж) “Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык өтүнмө ээсинин жеке маалыматтарын чогултууга, иштеп чыгууга, топтоого, сактоого жана жайылтууга жазуу түрүндөгү макулдугу.**

14. Өтүнмөгө тиркелүүчү өтүнмө жана документтер мамлекеттик же расмий тилде берилет.

Эгер өтүнмөнүн документтери башка тилде берилсе, мамлекеттик же расмий тилге котормосу тиркелет. Башка тилде берилген документтер аларды Кыргызпатентке берилген күнү кабыл алынган болуп эсептелинет, эгер алардын расмий котормосу башка тилде документтер берилген күндөн тартып эки айдын ичинде берилсе, мындай учурда документтер алардын котормосу келип түшкөн күнү кабыл алынган болуп эсептелинет.

15. Каттоого өтүнмө берилген белгинин сүрөттөрүнөн тышкары, өтүнмөгө тиркелүүчү өтүнмө жана документтер бир нускада берилет.

Каттоого өтүнмө берилген белгинин сүрөттөрү 25 нускада берилет.

Өтүнмө жана ага тиркелүүчү документтер басылган түрүндө берилет.

**Өтүнмө жана ага тиркелүүчү документтер ушул Эрежелердин 15-32-пункттарында каралган шарттарды сактоо менен, электрондук түрдө берилиши мүмкүн.**

**Өтүнмөнү жана** ага тиркелүүчү документтерди **электрондук түрдө толтурууга кошумча талаптар же алып салуулар, кол тамганы тариздөөгө талаптардан тышкары, Кыргызпатент тарабынан бекитилүүчү жана жарыялануучу АЭК системасын пайдалануу боюнча нускама менен белгиленет.**

**Арыздын электрондук кол тамгасы эгер өтүнмө Кыргызпатенттин расмий веб-порталы аркылуу берилсе, квалификациялык электрондук кол тамга (мындан ары – КЭК) аркылуу кол коюлат.**

**Эгер өтүнмө Бирдиктүү идентификациялоо жана аутентификациялоо системасы (Кыргыз Республикасынын электрондук кызмат көрсөтүүлөрүнүн мамлекеттик порталы) аркылуу берилсе, КЭК талап кылынбайт.**

16. Кагаз түрүндөгү өтүнмө **Кыргызпатент тарабынан бекитилген жана жарыяланган форма боюнча** берилет.

“Өтүнмө” деген сөздүн үстүндө жайгашкан графалар өтүнмө ээси тарабынан толтурулбайт.

Эгер кайсы бир маалыматтарды толугу менен тийиштүү графаларга жайгаштыруу мүмкүн болбосо, аларды арыздын тийиштүү графасында “кошумча барактан тиркемени карагыла” деген жазууну көрсөтүү менен өзүнчө баракка ошол эле форма боюнча берилет.

17. Арыздын (**731**) код менен берилген графада өтүнмө ээси тууралуу маалыматтар берилет: белгиленген тартипте юридикалык жактын толук расмий аталышы (түзүүчү документке ылайык) же жеке жактын фамилиясы, аты-жөнү (эгер бар болсо).

Товардык белгини каттоону сураган Кыргыз Республикасынын жеке жана юридикалык жагы үчүн **Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (мындан ары – СИН), ошондой эле болсо, ишканалардын жана уюмдардын жалпы республикалык классификатору (ИУЖКнын коду)** көрсөтүлөт.

Товардык белгини каттоону сураган чет өлкөлүк юридикалык жак же Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашаган жеке жак үчүн **ИМБДУнун**

ST.3 стандарты боюнча турган ордуна же жашаган ордуна ылайык өлкөсүнүн коду көрсөтүлөт.

18. Конвенциялык же көргөзмөлүк артыкчылыкты сураганда, товардык белгинин артыкчылыгын аныктоо жөнүндө өтүнүчтү камтыган графада "X" белгисин коюу менен артыкчылыкты суроо үчүн ылайык келген негиздеме белгиленет, анын датасы, ал эми конвенциялык артыкчылыкты сураганда ошондой эле биринчи өтүнмөнүн номери жана ИМБДУнун ST.3 стандарты боюнча ал берилген боюнча өлкөнүн коду көрсөтүлөт.

19. Арыздын кийинки графасында өлкөнүн расмий аталышын, ошондой эле телефон номерин, **анын ичинде мобилдик телефондорунун номерин,** электрондук почтасынын - e-mail – **экиден кем болбогон даректерин** (мындан ары - e-mail), **эгер болсо факстын номерин** кошкондо, өтүнмө ээсинин толук почта дареги (юридикалык жактын юридикалык дареги же жеке жактын жашаган ордунун дареги) көрсөтүлөт.

20. (**750**) код менен көрсөтүлгөн графада кат жазышуу үчүн дареги, тез почта аркылуу жеткирүүнүн кадимки талаптарын канааттандыра турган адресаттын аты же аталышы жана телефон, **анын ичинде мобилдик телефондорунун номери, e-mail – экиден кем болбогон даректери жана эгер болсо, факстын номери** көрсөтүлөт.

Кат жазышуу үчүн адресат катарында Кыргыз Республикасындагы өтүнмө ээсинин юридикалык жактын турган ордунун дареги же Кыргыз Республикасында туруктуу жашаган өтүнмө ээсинин - жеке жактын жашаган ордунун дареги же **Кыргыз Республикасынын** патенттик ишенимдүү өкүлүнүн турган ордунун дареги, **e-mail жана мобилдик телефондорунун номери** көрсөтүлсө болот.

21. (**740**) код менен берилген графада качан өтүнмө ээси **Кыргыз Республикасынын** патенттик ишенимдүү өкүлдү дайындаган учурда гана толтурулат, ал тууралуу маалымат берилет: фамилиясы, аты, атасынын аты (эгер бар болсо), Кыргызпатенттеги каттоо номери, Кыргыз Республикасындагы турган орду, телефон, **анын ичинде мобилдик телефондорунун номери, e-mail – экиден кем болбогон даректери жана эгер болсо, факстын номери**.

22. **Өтүнмөнү кагаз түрүндө берген учурда** (**540**) коддун астындагы бош жерге 5x5 см форматтагы кагазга (белгинин түрүнө карата анын сүрөттүн же тактын жазылыгы боюнча өлчөмү 5-10 см түзөт) өтүнмө берилген белгинин сүрөтү жайгаштырылат (сүрөт же типографиялык так ж.у.с.).

Эгерде этикетканын форматы 85x100 мм дан ашып кетсе, анда өтүнмө берилген белгинин сүрөтүнүн 24 нускасы кичирейтилген өлчөмдө, ал эми 1 нускасы - өзүнүн накта чоңдугунда берилет. Майда, окулбаган белгилөөлөр болгон учурда А4 форматындагы 1 нускасы кошумча берилет.

23. Эгер товардык белги катарында каттоого көлөмдүү (үч өлчөмдүү) белгиге өтүнмө берилсе, анда (**540**) коддун астындагы бош жерге бул белгинин жалпы көрүнүшүнүн сүрөтү жайгаштырылат. Кошумча түрдө ал тууралуу толук түшүнүк берүүчү өтүнмө берилген белгинин бардык зарыл болгон проекцияларынын сүрөттөрү берилет.

Өтүнмө берилген белгинин сүрөтү кайсы түстө товардык белгини коргоо суралса, ошол түстө же түстүк айкалышта берилет.

Белгинин сүрөтү чектелбеген көчүрмөлөрүндө аны көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берген сапаттуу графикалык аткарууга ээ болушу керек.

**Үч өлчөмдүү сүрөттү каттоого өтүнмөнү кагаз түрүндө берген учурда, анда көрсөтүлгөн сүрөт ӨЭБ системасын пайдалануу боюнча нускаманын талаптарын сактоо менен чыгарылма электрондук сактагычта тиркелиши керек.**

24. Өтүнмө берилген белгинин сыпаттамасы (**540**) код менен берилген графада келтирилген. Эгер сыпаттама өтүнмө берилгенден кийин берилсе, ал өзүнчө баракта таризделет.

Эгер белгилөө чет элдик сөздөрдү камтыса, котормосун жана транслитерациясын берүү керек.

Эгер сөз менен берилген белгилөө атайын жазууну же шрифтти камтыса, баяндамада алардын маанисин түшүндүрүү керек.

25. Эгер белгини каттоо түстүү аткарууда суралса, анда анын түсү же түстүк айкалышы көрсөтүлөт. Түстөрдү сыпаттама белгилөөдө пайдаланылуучу жана репродукцияда камтылган түстөргө ылайык келиши керек.

Эгер белгини каттоо кара-ак аткарууда суралса, аталган графаны толтуруу талап кылынбайт.

26. Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси аларга карата товардык белгини каттоо суралган, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү аныктоо үчүн арналат.

(511) код менен берилген графада аларга карата товардык белгини каттоо суралган товарларды жана/же кызмат көрсөтүүлөрдү көрсөтүү менен ТКЭКтин (Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык классификациясынын) класстарынын номери (номерлери) көрсөтүлөт. ТКЭКтин класстары боюнча топтоштурулган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр товарды (кызмат көрсөтүүлөрдү) идентификациялоого мүмкүнчүлүк берген так терминдер менен белгилениши керек.

27. ”Тиркелүүчү документтердин тизмеси” деген графа тиешелүү көзчөлөргө "Х" белгисин коюу менен жана тиркелген документтердин ар бир нускасындагы нускалардын жана барактардын саны көрсөтүү менен толтурулат. Алардын түрү өтүнмөнүн формасы менен караштырылбаса ("башка документ") тиркелген документтер үчүн алардын арналышы ачык көрсөтүлөт.

28. Эгер өтүнмө берилген белги Мыйзамдын **9-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-** пунктунда аталган белгилер менен жаңылышуу деңгээлине чейин окшош болсо же бирдей элементтерди камтыса, өтүнмөгө документалдык тастыктоо тиркелет:

- тийиштүү компетенттүү органдын товардык белгиде мамлекеттик гербдерди, желектерди жана **башка мамлекеттик** эмблемаларды; мамлекеттердин расмий жана **кыскартылган** аталыштарын; эмблемаларды же эл аралык уюмдардын кыскартылган же толук аталыштарын пайдаланууга макулдугу;

- тийиштүү компетенттүү органдын товардык белгиде мамлекеттик сыйлыктардын жана айырмалануучу башка белгилердин сүрөттөрүн пайдаланууга макулдугу;

- тийиштүү компетенттүү органдын товардык белгиде расмий контролдоочу, кепилдөөчү же пробалоочу белгилерди жана мөөрлөрдү пайдаланууга макулдугу.

29. Эгер өтүнмө берилген белги Мыйзамдын **10-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5 жана 6-пункттарында** аталган белгилерди кайра кайталап чыгаруучу элементтерди камтыса, өтүнмөгө төмөнкүлөр тиркелет:

- автордук укук ээсинин же анын укук мураскорунун товардык белгиде илимдин, адабияттын жана искусствонун **Кыргыз Республикасында** белгилүү болгон

чыгармаларынын аталыштарын, алардын персонаждарын же цитаталарын, искусство чыгармаларын же алардын фрагменттерин пайдаланууга макулдугу, **эгер тийиштүү чыгармага укуктар катталуучу товардык белгинин артыкчылык датасынан мурда келип чыкса;**

- белгилүү жактардын товардык белгиде фамилияларын, аттарын, жашыруун аттарын жана алардын туундуларын, портреттерин жана факсимилелерин пайдаланууга макулдугу, **ал эми алар дүйнөдөн кайткан учурда, алардын мураскорлорунун** макулдугу;

- Кыргыз Республикасынын **Министрлер Кабинетинин** товардык белгиде Кыргыз Республикасынын тарыхынын жана маданиятынын кенчи болуп эсептелинген белгилүү жактардын фамилияларын, аттарын, жашыруун аттарын жана алардын туундуларын, портреттерин жана факсимилелерин пайдаланууга уруксаты.

30. Эгер өтүнмө берилген белги чыгаруу негизинин датасына өтүнмө ээсинин чыгаруучу товарларына же алар көрсөтүүчү кызмат көрсөтүүлөргө ыйгарылган сыйлыктардын сүрөттөлүшүнүн көрсөтмөсүн камтыса, өтүнмөгө негиздеменин датасы, өтүнмө ээсинин сыйлыктарга укуктары тиркелет.

31. ”Кошумча маалыматтар” деген графа өтүнмө берилген белгини каттоого өзгөчөлөнгөн (көлөмдүү, жамааттык жана башка белги) учурда толтурулат.

Эгер өтүнмө окшош товарлар үчүн Кыргыз Республикасында мурун катталган же каттоого өтүнмө берилген өтүнмө ээсинин товардык белгиси же Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген, **Кыргыз Республикасынын** эл аралык келишимдери менен корголуучу өтүнмө ээсинин товардык белгиси менен жаңылышуу деңгээлине чейин окшош же бирдей белгиге берилсе же элемент катарында товар чыгарылган жердин аталышын, **географиялык көрсөтмөнү** камтыса, пайдаланууга өтүнмө ээсинде болгон укукка өтүнмөдө өтүнмө ээсинин тийиштүү укуктарын тастыктаган документке шилтеме келтирилет.

Эгер көлөмдүү же жамааттык товардык белгиге өтүнмө берилсе, анда «Кошумча маалыматтар” деген графада ”Х” белгисин коюу менен тиешелүү көзчө толтурулат.

32. Өтүнмөнүн кол койгон күнү көрсөтүлгөн ”Колу” деген жазуусу менен акыркы графасы бардык учурда милдеттүү түрдө толтурулат.

Өтүнмөгө өтүнмө ээси кол коет. Юридикалык жактын атынан өтүнмөгө анын кызмат орду көрсөтүлүп, уюмдун жетекчиси кол коет, колу мөөр менен тастыкталат.

Өтүнмөнү **Кыргыз Республикасынын** патенттик ишенимдүү өкүлү берсе, анда өтүнмөгө патенттик ишенимдүү өкүл кол коет.

**Өтүнмөнү өкүл аркылуу берилсе, ишеним катта ушундай ыйгарым укук берилсе, өтүнмөгө өкүл кол коет.**

Колу кол койгон жактын фамилиясы жана аттары көрсөтүлүп чечмеленет.

Өтүнмөдө кошумча барактар болсо, аларга дагы ушундай тартипте кол коюлат.

## 3-глава. Товардык белгини каттоого берилген өтүнмө боюнча иш жүргүзүү

33. Өтүнмө боюнча иш жүргүзүү үчүн аны бергенден жана өтүнмөнү карап чыгууда өз кызыкчылыктарын билдиргенден кийин өтүнмө ээси ушул Эрежелерде караштырылган тартипте тариззделген ишеним катты ага берүү менен өкүлдү дайындай алат.

Чет өлкөлүк юридикалык жактын же Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашаган жеке жактын өкүлү эгер **Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген, эл аралык келишимдер менен** башка тартип белгиленбесе, **Кыргыз Республикасынын** патенттик ишенимдүү өкүлү гана боло алат.

Башка өтүнмө ээлери үчүн өкүл катарында патенттик ишенимдүү өкүл, ошондой эле башка жак дайындалса болот.

Өкүлчүлүк кылууга ишеним кат өтүнмө берүүдө же **сурам жиберген** датадан тартып **үч** айдын ичинде берилет. Ишеним кат өтүнмөгө кошуп тиркелет.

Ишеним катты бергенге чейин өкүл жүргүзгөн аракеттер жараксыз болуп эсептелинет жана эксперттөө тарабынан эске алынбайт.

Өкүлдүн ага берилген ыйгарым укуктун чегиндеги кандай аракети болбосун же ага карата Кыргызпатенттин кандай аракети болбосун өтүнмө ээсинин аракети же өтүнмө ээсине карата аракеттер сыяктуу эле натыйжага ээ болот.

Өкүлчүлүк кылуу ишеним катта көрсөтүлгөн ыйгарым укуктары алардын күчүнүн мөөнөтү бүткөнгө чейин анык болот. Ишеним катта көрсөтүлгөн ыйгарым укуктарды мөөнөтүнөн мурун токтотуу өтүнмө ээси же анын укук мураскору тарабынан Кыргызпатентке тийиштүү арызды (ишеним катты кайра сурап алуу) берүүсү аркылуу ишке ашырылат.

34. Ар бир өтүнмө боюнча өзүнчө өтүнмө ээси же анын буга ыйгарым укук берилген өкүлү менен кат алышуу жүргүзүлөт.

Өтүнмө берилгенден кийин жиберилүүчү материалдар анын номерин жана өтүнмө ээсинин же анын өкүлүнүн колунун коюлушун камтышы керек.

Номери жок өтүнмөнүн материалдары эгер номерди кыйыр түрдө аныктоого болбосо, карап чыгуусуз кайтарылып берилет.

Өтүнмө боюнча иш жүргүзүү процессинде жиберилген материалдар Мыйзам менен белгиленген мөөнөттө берилет. Эгер мөөнөтү «...ичинде» деген сөздөр менен берилсе жана мөөнөтүнүн акыркы күнү жумушчу эмес күнгө туш келсе, мөөнөтүнүн бүткөн күнү болуп андан кийинки жумушчу күнү эсептелинет. Эгер мөөнөтүнүн бүткөн күнү тийиштүү күнү болбогон айга туш болсо, анда мөөнөтү ушул айдын акыркы күнү бүтөт.

Эгер өтүнмө боюнча кат алышууну өтүнмө ээсинин өкүлү жүргүзсө, **Кыргызпатенттин** корреспонденциясына байланыштуу материалдарды берүүнүн мөөнөтү алар ушул корреспонденцияны **ага жиберген** датадан тартып эсептелет.

**Кыргызпатентте** мамлекеттик жана расмий тилде иш жүргүзүлөт. Өтүнмө ээси тарабынан башка тилде берилген материалдарга белгиленген мөөнөттө алардын мамлекеттик же расмий тилине котормосу тиркелиши керек.

35. Өтүнмө ээси өтүнмөгө экспертиза жүргүзүү мезгилинде ага карата чечим кабыл алынганга чейин өтүнмөнүн материалдарын толуктоого, тактоого жана оңдоого укуктуу.

Өтүнмөнүн материалдарын толуктоо, тактоо жана оңдоо өтүнүүчү тарабынан тийиштүү жазуу түрүндөгү арызды берүү аркылуу жүргүзүлөт. Арыздын үлгү түрүндөгү формалары **Кыргызпатент тарабынан бекитилет жана расмий сайтта жарыяланат.**

Өтүнмө ээси арыздын Кыргызпатентке келип түшүшү жана **Мыйзамдын 6-беренесинде белгиленген тартипте жана мөөнөттө** аны карап чыгуунун жыйынтыгы жөнүндө кабардандырылат.

Арызга өтүнмөнүн материалдарына өзгөртүү киргизгендиги үчүн алым төлөгөндүгү жөнүндө документ тиркелет.

Алым төлөгөндүгү жөнүндө документ берилбесе же төлөнгөн алымдын суммасы белгиленген өлчөмгө туура келбесе, кошумча материалдар карап чыгууга кабыл алынбайт.

Өтүнмө берилген белгиге өзгөртүү киргизүүдө ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн нускалардын санында белгинин өзгөртүлгөн сүрөтү берилет.

Өтүнмө ээсинин - юридикалык жактын аталышы же өтүнмө ээсинин-жеке жактын фамилиясы (аты, атасынын аты) өзгөртүлгөндө, бул өзгөртүүлөрдү тастыктаган документ берилет.

36. Өтүнмө ээси өтүнмөдөгү өз укугун башка жакка ыйгарып берген учурда, Кыргызпатентке өтүнмө ээсинин өзгөртүү жөнүндө жазууну киргизүү тууралуу арызын берет. Арыздын үлгү түрүндөгү **формасы Кыргызпатент тарабынан бекитилет жана расмий сайтта жарыяланат.**

Арыз башка жактын-укук мураскордун өтүнмөсүнө укукту ыйгарып берүүгө көрсөтмөнү, ушул Эрежелерде караштырылган ушул жак тууралуу маалыматтарды камтышы керек.

Арызга ушул Эрежелерде караштырылган тартипте өтүнмө ээси жана анын укук мураскору кол коет.

Эгер арызга өтүнмө ээси гана кол койсо, арызга өтүнмө ээси жана анын укук мураскору кол койгон укук берүүнү тастыктаган документ тиркелет. Арыздын үлгү түрүндөгү **формасы Кыргызпатент тарабынан бекитилет жана расмий сайтта жарыяланат.**

Белгиленген талаптарды сактаган учурда, өтүнмө ээсине жана анын укук мураскоруна өтүнмөнүн материалдарына өтүнмө ээсинин өзгөртүүлөрү жөнүндө жазуу киргизилгендиги тууралуу билдирилет. Андан аркы кат алышуу жаңы өтүнмө ээси менен жүргүзүлөт.

Өтүнмөгө укуктун өтүү датасы болуп өтүнмө ээсине жана анын укук мураскоруна өтүнмөнүн материалдарына өтүнмө ээсинин өзгөртүүлөрү жөнүндө жазуу киргизилгендиги тууралуу кабарлоо жиберилген күн эсептелет.

Белгиленген талаптарды сактабаган учурда, өтүнмө ээси жана анын укук мураскору берилген документтерди тактоонун жана/же оңдоонун зарылдыгы же тийиштүү далилдерди келтирүү менен өтүнмөнүн материалдарына өтүнмө ээсинин өзгөртүүлөрү жөнүндө жазуу киргизүү мүмкүн эместиги жөнүндө кабарланат.

37. Өтүнмө ээсинин өтүнүчү боюнча өтүнмөнү аны карап чыгуунун кайсы стадиясында болбосун бөлүштүрүүгө жана **белгиленген алымды төлөө менен**

биринчи өтүнмөдөгү аталган товарларды бөлүштүрүү аркылуу акыркы чечимди кабыл алганга чейин даттанууга болот. Бөлүнгөн өтүнмөлөр биринчи берилген өтүнмөнүн датасын, ошондой эле кошумча коду менен номерди сактайт.

38. Жамааттык белгини каттоо үчүн өтүнмөнү товардык белгини каттоо үчүн өтүнмөгө кайра түзүү өтүнмө берген жана бирикмеге кирген адамдын өтүнүчү боюнча, бардык этапта башка өтүнмө ээлеринин макулдугу менен жүргүзүлөт.

Товардык белгини каттоого өтүнмө өтүнмө ээсинин атынан өтүнүч кат берүү аркылуу жана Мыйзамдын **25-беренесинин 2-бөлүгүндө** караштырылган уставдын негизинде ал боюнча чечим кабыл алынганга чейин, эксперттөөнүн кайсы баскычында болбосун жамааттык белгини каттоого өтүнмөгө кайра түзүлсө болот.

39. Өтүнмө ээси тарабынан берилген кошумча материалдар ушул Эрежелердин 62-пунктуна ылайык каралып чыгат.

40. Өтүнмө ээси (анын өкүлү) **улуттук жол-жобо боюнча** каттоого берген өтүнмөсү жана ага тийиштүү документтер менен алдын ала таанышуу күнүн жана убакытын макулдашып, түздөн-түз Кыргызпатентте жана өтүнмөнүн жана ага тийиштүү документтердин же алардын бөлүктөрүнүн көчүрмөлөрүнө сурам жиберүү аркылуу тааныша алат.

**41. Өтүнмө ээси (анын өкүлү) эл аралык жол-жобо боюнча каттоого берген өтүнмөсү, ага тийиштүүлөр менен ИМБДУнун сайтынан түздөн-түз тааныша алат.**

42. Өтүнмө ээси экспертизанын чечиминде көрсөтүлгөн материалдар менен таанышууга укуктуу.

Өтүнмө ээси өтүнмө боюнча чечим кабыл алынгандан кийин, Мыйзамдын **16-беренесинин 3**-бөлүгүнө ылайык бир айдын ичинде Кыргызпатенттен бул материалдардын көчүрмөлөрүн сурай алат.

43. Өтүнмө ээсинин (анын өкүлүнүн) катышуусу менен өтүнмөгө байланыштуу маселелерди карап чыгуу эреже катары, эксперттөө тарабынан өтүнмө берилген белгиге, товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө карата кошумча түшүнүк алуу зарылчылыгы келип чыкканда жана каттоо шарттарына өтүнмө берилген белгинин туура келгендигинин маселелери боюнча эксперттөөнүн жана өтүнмө ээсинин позицияларын айкындоо максатында жүргүзүлөт.

Мындай карап чыгуу эки тарап тең ушул маселелер менен таанышкандан кийин, Кыргызпатенттин сунушу боюнча же өтүнмө ээсинин өтүнүчү боюнча жүргүзүлөт. Экспертизанын маселелери сурамда баяндалат, анда кошумча түрүндө жолугушуунун максатка ылайыктуулугу, аны жүргүзүү жөнүндө өтүнмө ээсинин өтүнүчү жөнүндө маселелер тууралуу кошумча билдирилет.

Сурам берилген учурда, ага жооп Мыйзам менен белгиленген мөөнөттө өтүнмө ээси өтүнмөнү карап чыгууга катышууга ниеттенеби, ушуга карабастан берилет.

Өтүнмөнү карап чыгуунун күнү жана убакыты алдын ала макулдашылат. Кырдаал өзгөргөн учурда, белгиленген убакта өтүнмөнү карап чыгууда катышууга мүмкүнчүлүгү болбогон тарап бул тууралуу башка тарапка тезинен билдирет.

Өтүнмөнү карап чыгуу жөнүндө анын өтүнүчүн канааттандырууда алдын ала макулдашуусуз Кыргызпатенке өтүнмө ээси же анын өкүлү келгенде, өтүнмөнү карап чыгуу жөнүндө анын өтүнүчүн канааттандыруудан баш тартылышы мүмкүн.

Өтүнмөнү карап чыгууда өтүнмө ээсинин өкүлүнүн катышуусу ушул Эрежелердин шарттарын сактоодо мүмкүн болот.

44. Мыйзамдын 13-беренесинин **3-бөлүгүнө жана 15-беренесинин 4-бөлүгүнүн биринчи абзацына** ылайык экспертизанын өтүнмө берилген белгиге сурамга жообу жана **товардык белгинин каттоодон баш тартуу (алдын ала баш тартуу) жөнүндө**

экспертизанын алдын ала чечимине жооп берүү мөөнөтү өтүнмө ээсинин өтүнүчү боюнча он эки айга чейин узартылышы мүмкүн.

Өтүнүч кат менен бирге белгиленген өлчөмдө мөөнөттү узартуу үчүн алымды төлөгөндүгүн тастыктаган документ берилет.

Мөөнөтүн узартуу жөнүндө өтүнүч кат сурамды же алдын ала чечимди **жиберген** датадан тартып **үч** айдын ичинде берилет.

Суралган материалдарды берүүнүн мөөнөтүн узартуу эгер өтүнүч кат белгиленген мөөнөттү бузуу менен берилсе, ошондой эле алымды төлөгөндүгү жөнүндө документ берилбесе, эгер төлөнгөн алымдын суммасы белгиленген өлчөмгө туура келбесе жүргүзүлбөйт.

Эгер өтүнмө ээси алдын ала чечимге жооп берүү мөөнөтүн бузса же алдын ала чечимди жоопсуз калтырса, товардык белгини каттоого баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынат.

Мындай учурларда өтүнмө ээсине анын өтүнүч катын канааттандыруудан баш тартылгандыгы жөнүндө билдирилет.

45. Мыйзамдын 15-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык өтүнмө ээси өткөрүп жиберген төмөнкүдөй мөөнөттөр калыбына келтирилиши мүмкүн:

- эксперттөөнүн сурамы боюнча кошумча материалдарды берүүнүн мөөнөтү;

- алдын ала экспертизанын чечимине же өтүнмө берилген белгинин эксперттөөнүн чечимине Кыргызпатенттин апелляциялык кеңешине (мындан кийин - Апелляциялык кеңеш) каршылык билдирүү мөөнөтү;

- эксперттөөнүн чечиминде көрсөтүлгөн материалдардын көчүрмөлөрүн суроо мөөнөтү.

Өткөрүлгөн мөөнөттү калыбына келтирүү жөнүндө өтүнүч кат өтүнмө ээси тарабынан жүйөлүү себептери тастыкталган шартында, алар өткөнгө чейин **үч** айдан кечиктирилбестен берилет.

Өтүнүч кат менен бирге белгиленген өлчөмдө тиешелүү алымды төлөгөндүгүн тастыктаган документ тиркелет.

Эгер мындай документ берилбесе, өтүнүч кат берилбеген болуп эсептелинет, бул тууралуу өтүнмө ээсине билдирилет.

Эгер ушул пункттун талаптардын бири эле сакталбагандыгы аныкталса, өтүнүч кат канааттандырылбайт, бул тууралуу өтүнмө ээси кабарландырылат.

46. Өтүнмө ээси өтүнмөнү кайра сурап алууга укуктуу. Өтүнмөнү кайра сурап алуу жөнүндө арыз анын карап чыгуунун кайсы этабында болбосун, бирок Кыргыз Республикасынын Товардык белгилеринин жана тейлөө белгилеринин мамлекеттик реестринде товардык белгини каттоо күнүнөн кеч эмес берилет. Өтүнмө өтүнмө ээсине бул арызды маалыматка алгандыгы тууралуу кабарлоо жиберилген күндөн тартып кайра сурап алынган болуп эсептелинет.

Кайра сурап алынган өтүнмө боюнча юридикалык маанилүү аракеттер жүргүзүлбөйт (мындай өтүнмөгө эксперттөө жүргүзүлбөйт, ал боюнча товардык белгини каттоо жүргүзүлбөйт). Кайра сурап алынган өтүнмө башка өтүнмөлөрдү эксперттөөдө эске алынбайт.

Ушул пункттун **экинчи абзацынын** жоболору кайра сурап алынды деп эсептелинген өтүнмөлөргө карата дагы колдонулат. Муну менен өтүнмөнү кайра сурап алынган күнү болуп өтүнмө кайра сурап алынгандыгы тууралуу кабарлоо өтүнмө ээсине жиберилген күн эсептелинет. Кабарлоодо тийиштүү негиздемелер көрсөтүлөт.

## 4-глава. Кыргызпатентте өтүнмөнү карап чыгуу

47. **Өтүнмөнү карап чыгуу алдын ала экспертизадан жана өтүнмө берилген белгиге экспертизадан турат.**

Кыргызпатентке келип түшкөн өтүнмөнүн материалдарына кириш номери берилет жана алардын келип түшкөн күнү белгиленет.

Өтүнмө ээсине же анын өкүлүнө кабыл алынган документтердин саны жана алардын келип түшкөн күнү көрсөтүлүп өтүнмөнүн материалдарын кабыл алуу жөнүндө тил кат берилет.

**Өтүнмө электрондук форматта берилген учурда өтүнмө ээсине электрондук кабарлама менен билдирилет.**

48. Алдын ала экспертиза өтүнмө берилген датадан тартып **он жумушчу күндүн** ичинде жүргүзүлөт.

Алдын ала экспертиза жүргүзүүдө берилген материалдарда төмөнкүлөрдүн бар экендиги жана **ушул Мыйзамдын 7-беренесинин 1-бөлүгүнө жана 11-беренесинде** белгиленген талаптарга туура келиши текшерилет:

а) белгини товардык белги катарында каттоо жөнүндө арыздын;

б) өтүнмө ээсинин аталышынын же атынын, анын дарегинин көрсөтмөсүнүн;

в) патенттик ишенимдүү өкүлдүн же башка өкүлү болсо, анын атынын же дарегинин;

г) өтүнмөдө аны каттоо суралган белгинин сүрөтүнүн;

д) алар үчүн каттоо суралган, товарлардын жана/же тейлөө белгилеринин тизмесин;

е) өтүнмө берилген белгинин сыпаттамасын;

ж) өтүнмө боюнча конвенциялык артыкчылык суралган биринчи өтүнмөнүн көчүрмөлөрүн;

з) көргөзмөлүк артыкчылык суроонун жөндүүлүгүн тастыктаган документтин;

и) алдын ала эксперттөөнү жана өтүнмө берилген белгиге эксперттөө жүргүзүүгө өтүнмө бергендиги үчүн алым төлөгөндүгү жөнүндө документтин;

к) эгер өтүнмө жамааттык белгиге берилсе, жамааттык белгинин уставын;

л) патенттик ишенимдүү өкүлгө берилген ишеним каттын;

м) өтүнмөгө тиркелүүчү мамлекеттик же расмий тилинде эмес берилген документтердин котормолорун.

Алдын ала экспертиза жүргүзүүдө ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн маалыматтардын жана документтердин бар экендиги жана ушул Эрежелерде белгиленген талаптарга **ушул пункттун** "а", "б", "г", "д" пунктчаларында аталган документтердин туура келиши текшерилет.

Өтүнмөнүн берилген күнү ушул пунктунун "а", "б", "г", "д" пунктчаларында аталган маалыматтардын жана документтердин же эгер алар бир убакта берилбесе, алардын акыркысынын келип түшкөн күнү боюнча белгиленет.

Өтүнмөнүн материалдарында **ушул пункттун** "в", "е", "ж", "з", "к" пунктчаларында аталган маалыматтардын жана/же документтердин жоктугу же ушул Эрежелерде белгиленген талаптарга алардын туура келбегендиги өтүнмөнү кабыл алуу жөнүндө чечим чыгаруу жана өтүнмөнүн берилген күнүн белгилөө үчүн тоскоолдук келтирбейт.

Алдын ала жүргүзүлгөн экспертизанын этабында туура эмес таризделген жана/же өтүнмөнүн материалдарында аталган маалыматтардын жана/же документтердин жок экендигинин фактылары белгиленгенде өтүнмө ээсине аларды берүүнүн жана/же

өтүнмөнү карап чыгууга кабыл алуу жөнүндө чечимди тактоонун, оңдоонун зарылдыгы жөнүндө билдирилет.

Алдын ала жүргүзүлгөн экспертизанын этабында өкүл болууга ишеним каттын жок экендиги аныкталса ("л" пунктчасы), өтүнмө ээсине **сурам жиберген датадан тартып үч ай мөөнөттүн ичинде берүүсү зарыл экендиги тууралуу билдирилет.**

Котормо берилгенге чейин ("м" пунктчасы), мамлекеттик жана расмий тилинде эмес берилген документтер келип түшпөгөн болуп эсептелет.

49. Эгер алдын ала экспертиза жүргүзүү процессинде өтүнмөнүн документтери ушул Эрежелер менен белгиленген талаптарды бузуу менен таризделгени белгиленсе, өтүнмө ээсине аныкталган бузууларды көрсөтүү менен жана **өтүнмө ээсине** аны **жиберген** датадан тартып **үч** айдын ичинде жетишпеген же оңдолгон маалыматтарды жана/же документтерди берүүсүн өтүнүү менен сурам жиберилет. Жооп берүү мөөнөтү ушул Эрежелердин 44-пунктунун шарттарын сактаганда узартылышы мүмкүн.

Сурам төмөнкүдөй талаптарды камтыйт:

- өтүнмөнү бардык зарыл болгон маалыматтарды камтыган белгиленген форма боюнча берүү;

- өтүнмө ээсинин толук юридикалык аталышын тактоо;

- өтүнмө берилген белгинин жетишпеген көчүрмөлөрүнүн санын жиберүү;

- ушул Эрежелердин 22-пунктунун талаптарына туура келген сүрөттү берүү;

- эгер сөз менен берилген белги мамлекеттик же расмий тилдерден башка тилде келтирилсе, сөздү пайда кылууну же транслитерацияны түшүндүрүүчү котормону берүү;

- **ТКЭКке ылайык** товарлардын тизмесин **тактоо**;

- өтүнмө бергендиги үчүн алым төлөгөндүгүн, алдын ала эксперттөөнү жүргүзүүнү, өтүнмө берилген белгиге экспертиза жүргүзүүнү тастыктаган документти берүүнү;

- алымдын жетишпеген суммасын төлөгөндүгүн тастыктаган документти берүүнү. Эгер ТКЭК класстарынын санына төлөнгөн алымдын суммасынын туура келбегендиги аныкталганда, белгиленген мөөнөттө алымды төлөгөндүгү жөнүндө документ бербеген же өз аракеттерин чектөөдөн баш тарткан учурда эксперттөө ушул класстарга тийиштүү болбогон товарлардын же тейлөө кызматтарынын тизмесинен чыгарылып, өтүнмөдө көрсөтүлгөн алым төлөнгөн класстарга карата гана жүргүзүлөт;

- өкүлдүк кылууга ишеним кат көрсөтүү;

- алардын жоктугу бул өтүнмө боюнча иш жүргүзүүгө тоскоолдук кылып жаткандыктан жана алдын ала эксперттөө жүргүзүү этабынын аягына чыгууга мүмкүнчүлүк бербей жаткандыктан, кандай болбосун башка маалыматтарды жана документтерди көрсөтүү.

Эгер өтүнмө ээси берген жооп сурам жиберилген маалыматтарды жана/же документтерди толугу менен камтыбаса, ага кайрадан сурам жиберилет.

**Алдын ала** экспертизанын сурамына жооп берилбесе, өтүнмө ээси жооп берүүгө белгиленген мөөнөттү бузганда жана ушул мөөнөттө аны узартуу жөнүндө өтүнүч кат жибербесе өтүнмө кайра сурап алынган болуп эсептелинет, бул тууралуу өтүнмө ээсине сурам жиберилген күндөн тартып **үч** айдын ичинде билдирилет.

50. Өтүнмөнүн материалдары белгиленген талаптарга туура келгенде, ошондой эле өтүнмө ээси тарабынан суралган маалыматтар жана документтер өз убагында жиберилген учурда өтүнмө берилген күнү жөнүндө билдирилип, өтүнмөнү карап чыгууга кабыл алуу жөнүндө чечим жиберилет.

Өтүнмөнү карап чыгууга кабыл алуу жөнүндө чечимде өтүнмө ээсине төмөнкүлөр жөнүндө билдирилет:

- Кыргызпатентке өтүнмө берген күндөн тартып **эки** айдын ичинде, конвенциялык же көргөзмөлүк артыкчылыкты аныктоо жөнүндө анын талаптарынын жөндүүлүгүн тастыктаган документтерди берген шартында, өтүнмө берилген белгиге эксперттөө жүргүзүү мезгилинде конвенциялык же көргөзмөлүк артыкчылыкты аныктоо мүмкүнчүлүгү жөнүндө;

- алар үчүн товардык белгини каттоо суралган товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесин талдоо жыйынтыктары боюнча өтүнмө берилген белгиге өтүнмө берүү жана экспертиза жүргүзүү үчүн төлөөгө арналган алымдын өлчөмүн **алдын ала** экспертиза жүргүзүү мезгилинде тактоо мүмкүнчүлүгү жөнүндө;

- Мыйзамда жана ушул Эрежелер менен караштырылган башка маалыматтарды жана/же документтерди берүүнүн зарыл экендиги жөнүндө;

**- товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесин жана өтүнмө ээсинин ТКЭК класстары боюнча аларды топторго бөлгөндүгүнүн туура экендигин текшерүү жөнүндө;**

**- ТКЭКтин ошол же башка классынын конкреттүү товары же кызмат көрсөтүүсү менен, товарды же кызмат көрсөтүүнү белгилөө үчүн өтүнмө ээси пайдалануучу терминдин бир маанилүү идентификациясынын мүмкүнчүлүгү жөнүндө.**

**Өтүнмө ээси берген товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмегинин редакциясын оңдоо зарылчыгы келип чыкса, экспертиза өтүнмө ээсинен тийиштүү тактоолорду суроого укуктуу.**

**Эгер өтүнмө ээси тизмектеген товарларга тийиштүү болгон ТКЭКтин класстарынын анык саны аларга өтүнмө берүү, өтүнмө берилген белгиге алдын ала экспертиза жана экспертиза жүргүзгөндүгү үчүн алым төлөнгөн, ТКЭКтин класстарынын санынан көп экендиги белгиленсе, өтүнмө ээсине жетишпеген сумманы төлөөнүн зарылдыгы же анын аракеттерин чектөө (өтүнмө берилген белгинин каттоо суралган, ТКЭКтин класстарынын санын кыскартуу) жөнүндө билдирилет.**

**Өтүнмө ээси алымдын кошумча суммасын төлөөдөн же өз аракеттерин чектөөдөн баш тартканда өтүнмө берүүдө алардын берилген тартибинде, аларга алым төлөнгөн ТКЭКтин класстарына карата өтүнмө берилген белгиге экспертиза жүргүзүлөт.**

51. Эгерде экспертизанын сурамына өтүнмө ээси тарабынан берилген жооп сурам жиберилген маалыматтарды жана/же документтерди камтыбаса, өтүнмө боюнча өтүнмөнү карап чыгууга кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө чечим чыгарылат.

Өтүнмөнү карап чыгууга кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө чечимде алар боюнча чечим чыгарылган негиздемелер келтирилет.

Мындай негиздемелер болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- товардык белги катарында белгини каттоо жөнүндө арыздын жоктугу;

- өтүнмөдө өтүнмө ээсине көрсөтмөнүн жоктугу;

- өтүнмөдө ушул Эрежелерде белгиленген талаптарга өтүнмө ээсинин көрсөтмөсүнүн туура келбестиги;

- өтүнмөдө товардык белги катарында каттоо үчүн арналган белгинин жоктугу;

- өтүнмөдө алар үчүн өтүнмө берилген белгини каттоо суралган товарлардын же тейлөө кызматтарынын көрсөтмөсүнүн жоктугу.

**52. Алдын ала экспертизанын жыйынтыгы боюнча өтүнмөгө кароого кабыл алынат же аны кароого кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө чечим чыгарылат, ал өтүнмө ээсине жиберилет.**

**Алдын ала экспертизанын оң жыйынтыгы жөнүндө чечим кабыл алынгандан кийин ведомствонун расмий сайтында он жумушчу күндүн ичинде Кыргызпатент тарабынан белгиленген форма боюнча товардык белгилерге берилген өтүнмөлөр жөнүндө маалымдар жарыяланат.**

**Өтүнмө жарыяланган датадан тартып үч айдын ичинде кандай болбосун кызыкдар жак жазуу түрүндө жүйөлүү каршы пикирин билдирүүгө укуктуу, ал товардык белгини каттоо же каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим чыгарууда экспертиза тарабынан каралат.**

53. Өтүнмө берилген белгиге экспертиза жүргүзүү **Мыйзамдын 9 жана 10-беренелеринде** белгиленген талаптарга өтүнмө берилген белгинин туура келишин текшерүү үчүн жүргүзүлөт.

Өтүнмө берилген белгинин экспертизасынын жыйынтыктары боюнча товардык белгини каттоо же аны каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим чыгарылат.

Өтүнмө берилген белгиге экспертиза жүргүзүү өтүнмө берген датадан тартып **жети** айдын ичинде алдын ала экспертиза бүткөндө жүргүзүлөт.

Өтүнмө берилген белгиге экспертиза жүргүзүүдө төмөнкүлөр ишке ашырылат:

- алдын ала жүргүзүлүүчү экспертизанын жүрүшүндө текшерүү жүргүзүлгөн өтүнмөнүн материалдарынан тышкары, өтүнмөнүн жана ага тиркелүүчү документтердин ушул Эрежелерде караштырылган мазмунга жана таризделишине коюлган талаптарга өтүнмөнүн материалдарынын туура келишин текшерүү;

- товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесин жана алардын ТКЭКтин класстар боюнча топтоштурулушунун туура экендигин текшерүү;

- **Мыйзамдын 12-беренесине** ылайык товардык белгинин артыкчылыгын аныктоо;

- ушул Эрежелерде караштырылган каттоонун шарттарына өтүнмө берилген белгинин туура келгендигин текшерүү.

Товарлардын тизмесин текшерүүдө төмөнкүлөр аныкталат:

- өтүнмө ээси ТКЭКтин ошол же башка классынын конкреттүү товарды же тейлөө кызматы менен товарды же тейлөө кызматын белгилөө үчүн пайдалануучу терминди бирдей идентификациялоо мүмкүнчүлүгү;

- өтүнмө ээсинин ТКЭК класстары боюнча товарларды же тейлөө кызматтарын туура топтоштургандыгын текшерүү.

Өтүнмө ээси берген товарлардын же тейлөө кызматтарынын тизмесинин редакциясын оңдоонун зарылчылыгы келип чыкса, экспертиза өтүнмө ээсинен тийиштүү тактоолорду суроого укуктуу.

Эгер өтүнмө ээси тарабынан аталган товарларга туура келген ТКЭКтин класстарынын анык саны өтүнмө бергендиги жана өтүнмө берилген белгиге эксперттөө жүргүзүү үчүн алым төлөнгөн ТКЭКтин класстарынын санына көп болсо, өтүнмө ээсине жетишпеген сумманы төлөө зарыл экендиги же анын аракеттерин чектөө жөнүндө кабарланат (өтүнмө берилген белгиге каттоо суралган ТКЭКтин класстарынын санын кыскартуу).

Өтүнмө ээси жетишпеген сумманы төлөөдөн же анын аракеттерин чектөөдөн баш тартса, өтүнмө берилген белгиге экспертиза өтүнмө берүүдө алардын тартиби боюнча алым төлөнгөн ТКЭКтин класстарына карата гана жүргүзүлөт.

54. Мыйзамдын **12-беренесине** ылайык товардык белгинин артыкчылыгы төмөнкүлөр боюнча аныкталат:

- Кыргызпатентке **Мыйзамдын 11-**беренесинин талаптарын канааттандырган өтүнмө берген күнү боюнча;

- Париж конвенциясынын катышуучу-мамлекетинде биринчи өтүнмөнүн берген күнү боюнча;

- Париж конвенциясынын катышуучу-мамлекетинин биринин аймагында уюштурулган расмий же расмий таанылган эл аралык көргөзмөсүндө алар белгилеген экспонаттардын ачык көрсөтүү башталган күнү боюнча;

- Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык товардык белгини каттоого эл аралык өтүнмөнүн артыкчылык алган күнү боюнча.

**Тандалган өтүнмө боюнча товардык белгинин артыкчылыгы баштапкы өтүнмөнүн товардык белгисинин артыкчылык датасы боюнча белгиленет, каттоо номери тамга символу менен толукталат.**

**Өтүнмө берилген товарларга карата товардык белгинин көптөгөн артыкчылыгы товардык белгиге берилген өтүнмөдө көрсөтүлгөн ар түрдүү товарларга карата бир белгиге Париж конвенциясынын катышуучу-мамлекеттеринде берилген товардык белгилерге ушул өтүнмө ээсинин бир нече өтүнмөсү болсо, белгиленет.**

Өтүнмө ээси тарабынан суралган артыкчылыкты тастыктаган керектүү документтер берилиши жана аларды берүүнүн зарыл болгон талаптары сакталышы керек.

1) **Мыйзамдын 12-беренесине** ылайык өтүнмө берген күн боюнча артыкчылыгын аныктоодо төмөнкүлөрдүн бар экендиги текшерилет:

- өтүнмө ээсин, анын дарегин көрсөтүү менен товардык белги катарында белгинин каттоо жөнүндө арыздын;

- өтүнмө берилген белгинин;

- алар үчүн каттоо суралган, ТКЭКтин класстары боюнча топтоштурулган товарлардын тизменин.

Эгер өтүнмө башында жогоруда аталган маалыматтарды жана/же документтерди камтыбаса, анда товардык белгинин артыкчылык алган күнү болуп артыкчылыгын аныктоо үчүн зарыл болгон маалыматтарды камтыган жогоруда аталган маалыматтардын ичинен акыркысы келип түшкөн күнү болуп эсептелет.

2) Конвенциялык артыкчылыкты суроодо **Мыйзамдын 12-беренесине** ылайык төмөнкүлөр текшерилет:

- Париж конвенциясынын катышуучу-мамлекетинде өтүнмө ээси берген биринчи өтүнмөнүн көчүрмөсүнүн болушу. Эгер аталган көчүрмө Кыргызпатентке өтүнмө берилген күндөн кийин берилсе, көрсөтүлгөн датадан тартып, үч айлык мөөнөттү өтүнмө ээсинин сакташы белгиленет, ошол убакыттын ичинде биринчи өтүнмөнүн көчүрмөсү берилиши керек;

- биринчи өтүнмө берилген күндөн баштап, алты айлык мөөнөттү өтүнмө ээсинин сакташы белгиленет, ошол убакыттын ичинде Кыргызпатентке конвенциялык артыкчылыкты суроо менен өтүнмө берилиши керек;

- Кыргызпатентке өтүнмө берген күндөн тартып, эки айдан кечиктирбестен конвенциялык артыкчылыкты белгилөө жөнүндө өтүнүчтү көрсөтүү;

- өтүнмө берилген белгинин жана товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесинин биринчи өтүнмөдө камтылган белгиге жана товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесине туура келиши, алар үчүн белги билдирилет, биринчи

өтүнмөдө көрсөтүлгөн товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн айрымдары жок болушу мүмкүн.

3) Көргөзмөлүк артыкчылыкты суроодо **Мыйзамдын 12-беренесинде** караштырылган талаптардын аткарылышына текшерүү жүргүзүлөт:

- көргөзмөлүк артыкчылыкты тастыктаган документтин болушу жана анын ушул Эрежелер менен караштырылган талаптарга туура келиши;

- көргөзмөдө экспонаттын ачык көрсөтүлүшү башталган датадан тартып, алты ай мөөнөттү өтүнмө ээсинин сакташы, анын ичинде Кыргызпатентке көргөзмөлүк артыкчылыкты суроо менен өтүнмө берилиши керек;

- Кыргызпатентке өтүнмө берген датадан тартып, эки айдан кечиктирбестен көргөзмөлүк артыкчылыкты белгилөө жөнүндө өтүнүчтү берүү;

- өтүнмө берилген белгинин экспонатталган товарлардагы белгиге туура келиши, мында аларга карата көргөзмөлүк артыкчылык суралган белгиге өтүнмө берилген товарлар көргөзмөдө экспонатталган шартында.

Өтүнмө ээси тарабынан 54-пункттун 2 жана 3-пунктчаларында көрсөтүлгөн талаптардын ичинен бири эле сакталбаган болсо, товардык белгинин артыкчылыгы Кыргызпатентке өтүнмө берген күнү боюнча (бул тууралуу өтүнмө ээсине алдын ала кабар берүү аркылуу) белгиленет. **Өтүнмө ээсине кабарлама жиберилет.**

55. Өтүнмө берилген белги **Мыйзамдын 9-беренесине** ылайык товардык белги катарында каттоодон баш тартуу үчүн абсолюттук негиздеринин, ошондой эле **Мыйзамдын 10-беренесине** жана ушул Эрежелерге ылайык башка негиздердин жок экендигине текшерилет.

Өтүнмө берилген белгини каттоого баш тартуу үчүн абсолюттук негиздер боюнча текшерүүдө ал ушул Эрежелердин 6 жана 7-пункттарында көрсөтүлгөн белги болуп эсептелинеби же ушундай белгини камтыйбы, ошонусу аныкталат.

Эгер өтүнмө берилген белги ушул Эрежелердин 7-пунктунун "а" жана "б" пунктчаларында көрсөтүлгөн белгилердин эч болбогондо бирин камтыса же ушул Эрежелердин 6-пунктунда көрсөтүлгөн белгилерден турса, анда аны товардык белги катарында каттоо мүмкүн эмес экендиги тууралуу жыйынтык чыгарылат.

Эгер өтүнмө берилген белги ушул Эрежелердин 6-пунктунда караштырылган коргоого жөндөмсүз белгилерден гана турса, бирок алардын ичинен кеминде бирин камтыса, анда:

- ушул Эрежелердин 6-пунктунун "б" пунктчасында көрсөтүлгөн белгилерди кошкондо, тийиштүү компетенттүү органдын же анын ээсинин макулдугу документ түрүндө тастыкталышынын бар экендиги текшерилет, ал болбосо товардык белги катталбайт;

- ушул Эрежелердин 6-пунктунун "а" "в" "г" "д" пунктчаларында көрсөтүлгөн белгилерди кошкондо, ушул белги товардык белгиде басым кылуучу абалды ээлегендиги текшерилет.

Ушундай корголбогон белги товардык белгиде басым кылуучу абалды ээлейби, ушунусун аныктоодо анын маанилүүлүк жана/же мейкиндиктик маанисине көңүл бурулат.

Эгер ушундай белги басым кылуучу абалды ээлесе, анда өтүнмө берилген белгини товардык белги катарында каттоо мүмкүн эместиги жөнүндө жыйынтык чыгарылат.

**Коргоого жөндөмсүз элементтер коргоого алынбайт, Мыйзамдын 15-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык баш тартуу (алдын ала баш тартуу) жөнүндө чечим чыгарылат.**

**Өтүнмө ээсине баш тартуу жөнүндө тийиштүү кабарлама жиберилет.**

**Өтүнмө ээси өтүнмо берилген белгинин корголбогон элементтеринин тизмеги менен макул болбогон учурда, ал каттоо жөнүндө чечим чыгарылгандан кийин, белгиленген тартипте даттанууга укуктуу.**

56. Өтүнмө берилген белгини каттоодон баш тартуу үчүн башка негиздери боюнча текшерүүдө ал ушул эрежелердин 9 жана 10-пункттарында көрсөтүлгөн белги болуп эсептелинеби, ошонусу аныкталат.

Белги эгер ал аны менен бардык элементтери менен туура келсе, башка белги менен окшош болуп эсептелинет.

Белги алардын өзүнчө айырмалангандыгына карабастан, эгер ал аны менен негизинен ассоциацияланса, башка белги менен жаңылышууга чейин окшош болгон болуп эсептелинет.

Окшош жана бирдей болушуна текшерүүдө төмөнкүдөй аракеттер жүргүзүлөт:

- окшош жана бирдей белгилерге издөө жүргүзүлөт;

- өтүнмө берилген жана издөө жүргүзүүдө аныкталган белгилердин окшоштук деңгээли аныкталат;

- алар үчүн аныкталган окшош же бирдей товардык белги (белгилер) катталган (өтүнмө берилген) товарларга өтүнмө берилген товарлардын бирдейлиги аныкталат.

57. Аралашып кеткен деңгээлине чейин окшош жана бирдей белгилерге издөө төмөндө аталган белгилердин арасында жүргүзүлөт:

- мурун катталган товардык белгилерге же кыйла эрте артыкчылыкка ээ болгон бирдей товарларга карата Кыргыз Республикасында башка жактын атына каттоого өтүнмө берилгендерге. Мында Мыйзамдын **33**-беренесине ылайык каттоосу жокко чыгарылган товардык белгилер, аларды каттоого берилген өтүнмөлөр кайра суралып алынган болуп эсептелинген же **Мыйзамдын 13-беренесинин 7 жана 8-бөлүгүнүн, 17-беренесинин 4-бөлүгүнүн** негизинде кайра суралып алынган товардык белгилер, ошондой эле аларга талашып-тартышуу мүмкүнчүлүгү бүткөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынган өтүнмөлөр;

- Кыргыз Республикасында катталган же каттоого берилген фирмалык аталыштар;

- Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринин күчү менен каттоосуз корголуучу башка жактардын товардык белгилери, негизинен: Париж Конвенциясынын 6 bis беренесине ылайык корголуучу Кыргыз Республикасында жалпыга белгилүү болуп таанылган товардык белгилер; Мадрид макулдашуусуна жана **Мадрид макулдашуусунун Протоколуна** ылайык корголуучу эл аралык белгилер;

- Кыргыз Республикасында белгиленген тартипте жалпыга белгилүү болуп таанылган товардык белгилер;

- Мыйзамга ылайык корголуучу товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары **жана географиялык көрсөтмөлөр**;

**- дары каражаттарынын эл аралык патенттелбеген аталыштарын билдиргендер.**

58. Сөз түрүндө берилген белгилердин окшоштугун аныктоодо төмөнкүлөр менен салыштырылат:

- сөз түрүндө берилген белгилер менен;

- кошулган белгилер менен, алардын композицияларына сөз түрүндө берилген элементтер кирет;

**- сөз түрүндө берилген элементтери менен үч өлчөмдүү объектилер менен.**

Сөз түрүндө берилген белгилердин окшоштугу үндүк (фонетикалык), графикалык (визуалдуу) жана маанилери боюнча (семантикалык) болот.

1) Үндүк (фонетикалык) окшоштук төмөнкүдөй белгилердин негизинде аныкталат:

- салыштыруучу белгилерде жакын жана дал келүүчү тыбыштын болушу;

- белгини түзө турган тыбыштардын жакындыгы;

- бири-бирине карата жакын тыбыштардын жана тыбыш айкалыштарынын жайгашышы;

- туура келүүчү муундардын болушу жана алардын жайгашышы;

- белгилерде муундардын саны;

- белгилердин курамында туура келүүчү тыбыштардын айкалыштардын орду;

- үндүүлөрдүн курамынын жакындыгы;

- үнсүздөрдүн курамынын жакындыгы;

- белгилердин туура келген бөлүктөрүнүн мүнөзү;

- бир белгинин башкасына өтүшү;

- басым.

2) Графикалык (көрүнөө) окшоштук төмөнкүдөй белгилердин негизинде аныкталат:

- жалпы көрүнүшү;

- шрифттин түрү;

- тамганын мүнөзүн эске алып, графикалык жазуу (мисалы: басма же жазуу, баш тамга же кичине тамга);

- бири-бирине карата тамгалардын жайгаштырылышы;

- анын тамгалары менен сөз жазылган алфавит;

- түс же түстүк айкалыш.

3) Мааниси боюнча (семантикалык) окшоштук төмөнкүдөй белгилердин негизинде аныкталат:

- белгилерде берилген түшүнүктөрдүн, идеялардын окшоштугу, негизинен ар түрдүү тилдерде белгилердин маанисинин туура келиши;

- логикалык басым түшкөн жана өз алдынча мааниге ээ болгон белгилердин элементтеринин биринин туура келиши;

- белгилерде берилген түшүнүктөрдүн, идеялардын карама-каршылыгы.

4) Ушул пункттун 1-3-пунктчаларында аталган белгилер ар бири өзүнчө, ошондой эле ар түрдүү айкалышта эске алынат.

59. Сүрөт, көлөмдүк белгилер **жана үч өлчөмдүү санариптик** объектилер төмөнкүлөр менен салыштырылат:

- сүрөт белгилер менен;

- көлөмдүк белгилер менен;

- айкалышкан белгилер менен, алардын композицияларына сүрөт же көлөмдүк элементтер;

**- үч өлчөмдүү санариптик объектилер менен, алардын композицияларына сүрөт же көлөмдүк элементтер кирет;**

Сүрөт, көлөмдүк белгилердин **жана үч өлчөмдүү санариптик объектилердин** окшоштугу төмөнкүдөй белгилердин негизинде аныкталат:

- тышкы формасы;

- симметриянын болушу же жоктугу;

- мааниси;

- сүрөттөрдүн түрү жана мүнөзү (натуралисттик, стилге келтирилген, карикатуралык ж.у.с.);

- түстөрдүн жана тондордун айкалышы.

Аталган белгилердин ар бири өзүнчө, ошондой эле ар түрдүү айкалышта эске алынат.

60. Айкалышкан белгилер төмөнкүлөр менен салыштырылат:

- айкалышкан белгилер менен;

- элемент катарында текшерилүүчү айкалышкан белгинин курамына кире турган белгилердин түрлөрү менен;

**- үч өлчөмдүү санариптик объектилер менен;**

Айкалышкан белгилердин окшоштугун аныктоодо ушул Эрежелердин 58 жана 59-пункттарында келтирилген белгилер пайдаланылат, ошондой эле өтүнмө берилген белгиде окшош же бирдей элемент ээлеген абалдын маанилүүлүгү изилденет.

61. Товарлардын бирдейлигин аныктоодо керектөөчүдө ушул товарлардын бир өндүрүүчүгө таандык экендиги жөнүндө түшүнүк келип чыгуунун принципиалдуу мүмкүнчүлүгү аныкталат.

Товарлардын бирдейлигин аныктоо үчүн товарлардын түрү, алардын арналышы, алар жасалган материалдын түрү, товарларды сатуунун шарты, керектөөчүлөрдүн чөйрөсү жана башка белгилери эске алынат.

62. Экспертиза жүргүзүүнүн кайсы этабында болбосун Кыргызпатент өтүнмө ээсинен аларсыз **өтүнмө берилген белгиге** экспертиза жүргүзүү мүмкүн болбогон материалдарды суроого укуктуу.

Сурам кат жиберүү үчүн негизинен төмөнкүдөй кырдаалдар негиз боло алат:

1) өтүнмө берилген белгинин сыпаттамасын тактоонун зарылдыгы;

2) ушул Эрежелердин 13 жана 28-пункттарында көрсөтүлгөн тиешелүү документтерди көрсөтүүнүн зарылдыгы;

3) классификациялоону же товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесин тактоонун зарылдыгы;

4) өтүнмөдө көрсөтүлгөн товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесин классификациялоону тактоонун натыйжасында төлөнгөн алымдын суммасы ТКЭКтин класстарынын санына туура келбегендиги байкалган учурда, кошумча алымды төлөөнүн зарылдыгы. Мында белгиленген мөөнөттө кошумча алымды төлөгөндүгү же өз аракеттерин чектөөдөн баш тартуу жөнүндө документти бербесе, өтүнмө берилген белгиге эксперттөө ушул класстарга кирбеген товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесинен чыгаруу менен алым төлөнгөн класстарга гана жүргүзүлөрү жөнүндө өтүнмө ээсине билдирилет;

5) товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бардыгы же айрым бөлүгү үчүн мурунтан каттоого өтүнмө берилген окшош товардык белгилердин же белгилердин келип чыгышы менен шартталган маселелерди чечүүнүн зарылдыгы.

Башка мүнөздөгү маселелер, ошондой эле өтүнмөнү карап чыгууда жана мисалы: артыкчылыкты аныктоого байланыштуу келип чыккан эскертүүлөр жана сунуштар жогоруда негиздемелерге багытталган сурамга киргизилиши мүмкүн.

Эксперттөөнүн өтүнмө ээси тарабынан берилген документтерге же маалыматтарга карата негизделген шектенүүсү болсо, зарыл болгон тастыктоолорду суроого укугу бар.

Сурам катта кайсы-бир суроого келтирилген эксперттөөнүн пикири негизинен, Мыйзамдын, ушул Эрежелердин жана башка ченемдик укуктук актылардын жоболоруна аргументтелиши керек.

Экспертизанын сурамы боюнча өтүнмө ээси жиберген кошумча материалдар ушул Эрежелердин 63-пунктуна ылайык каралып чыгат.

Экспертизанын сурамы боюнча аны жиберген датадан тартып **үч айлык** мөөнөттө жооп бербесе, өтүнмө кайра сурап алынган болуп эсептелинет.

63. Кыргызпатенттин сурамы боюнча өтүнмө ээси жиберген кошумча материалдар келип түшкөндө, өтүнмө ээси тарабынан ал белгиленген мөөнөттүн ичинде жиберилдиби, ошонусу текшерилет.

Көрсөтүлгөн материалдар **өтүнмө ээсине** сурам кат **жиберген** датадан тартып, **үч** айдын ичинде берилиши керек.

Өтүнмө ээсинин белгиленген мөөнөттү сактагандыгын текшерүүдө ушул Эрежелердин 34-пунктун жетекчиликке алуу керек.

Эгер өтүнмө ээси белгиленген мөөнөттү бузса жана ушул Эрежелердин 44-пунктуна ылайык аны узартуу жөнүндө сунуш киргизбесе же эксперттөөнүн сурамын жоопсуз калтырса, өтүнмө кайра сурап алынган болуп эсептелинет, бул тууралуу өтүнмө ээсине билдирилет.

Өтүнмө ээсинин өз демилгеси же Кыргызпатенттин сурамы боюнча жиберген кошумча материалдары түшкөндө жана карап чыгууга кабыл алынганда алар өтүнмөнү маңызы боюнча өзгөртпөйбү, текшерилет.

Кошумча материалдар эгер өзгөртүүлөр өтүнмө берилген белгини бүтүндөй же анын негизги элементтерин кабыл алууну козгосо, өтүнмөнү маңызы боюнча өзгөрткөн болуп таанылат (б.а. басым кылуучу абалды ээлейт жана негизинен белгини кабыл алууга таасир берүүчү). Мындай өзгөртүүлөргө негизинен, төмөнкүлөр кирет: сөздүк же негизги сүрөт элементин белгиге киргизүү же андан чыгарып салуу; сөздүк элементти фонетикалык же маанисин өзгөртүү; негизги сүрөт элементин графикалык же маани жагынан өзгөртүү.

Кошумча материалдар ошондой эле эгер алар өтүнмөдө көрсөтүлбөгөн товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесинин толуктоосун камтыса, өтүнмөнү маңызы боюнча өзгөрткөн болуп таанылат.

Кошумча материалдарды өтүнмөнү маңызы боюнча өзгөрткөн болуп таанылган учурда, өтүнмө ээсине товардык белгини каттоо же каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алганга чейин (эксперттөөнүн ага кезектеги жөнөтүүчү документинде) кошумча материалдарга киргизилгендердин кайсынысы эксперттөөнүн ушундай жыйынтык чыгаруусу үчүн негиз болуп кызмат кылгандыгы тууралуу билдирилет.

Башка маалыматтар экспертиза жүргүзүүдө эске алынат.

64. **Мыйзамдын 14-беренесинин 4-бөлүгүнө жана ушул Эрежелерге ылайык келип түшкөн каршы пикирлерди карап чыгуу ушул Эрежелердин 65 жана 66-пункттарында көрсөтүлгөн чечимди чыгарууда башка материалдар менен бирге жүзөгө ашырылат. Мында каршы пикирдин ээсине каршы пикирди карап чыгуунун жыйынтыгы жөнүндө кабарлама жиберилет.**

**65. Экспертизанын жүрүшүндө товардык белгини каттоодон баш тартуу жөнүндө алдын ала чечим чыгарылышы мүмкүн, эгер:**

**1) товардык белгиге коргоо берилбейт же суралгандан аз көлөмдө берилиши мүмкүн болсо;**

**2) өтүнмө берилген белгинин элементтеринин айрым бөлүктөрү корголбогон болуп таанылышы керек.**

**Өтүнмө ээсине алдын ала баш тартуу жөнүндө тийиштүү кабарлама жиберилет.**

**Товардык белгини каттоодон алдын ала баш тартуу жөнүндө чечимде Мыйзамга жана ушул Эрежелерге негизделген товардык белгини каттоодон баш тартуунун себептери келтирилет.**

**Каттоодон баш тартуу жөнүндө алдын ала чечим өтүнмө ээсине алдын ала чечим жиберилген датадан тартып үч айлык мөөнөттө жүйөлүү каршы пикирди жана/же кошумча материалдарды берүүсүнө мүмкүндүк берет, алардын негизинде экспертиза өтүнмө ээсинин пайдасына өз чечимин өзгөртө алмак.**

**Жооп берүүнүн мөөнөтү ушул Эрежелердин 44-пунктунун шарттарын сактаганда, алымды төлөгөн шартта, он эки айдан ашпаган мөөнөткө узартылышы мүмкүн.**

**Эгер белгиленген мөөнөттө далилдер жана эскертүүлөр берилбесе, баш тартуу жөнүндө акыркы чечим чыгарылат.**

66. Өтүнмө берилген белгинин Мыйзамдын **9 жана 10**-беренелеринде белгиленген талаптарга туура келгендигин аныктоодо, **Мыйзамдын 14-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык келип түшкөн каршы пикирлерди жана алдын ала баш тартууга байланыштуу далилдерди жана эскертүүлөрдү (болсо) карап чыгуунун жыйынтыгын эске алып**, өтүнмө ээси тарабынан берилген товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесинде көрсөтүлгөн бардык товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн **товардык белгини каттоо же каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим чыгарылат**.

Эгер өтүнмө берилген белги ушул пункттун **биринчи абзацында** көрсөтүлгөн талаптарга өтүнмө берилген товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бөлүгү үчүн гана туура келсе, анда товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн ушул бөлүгүнө карата товардык белгини каттоо жөнүндө чечим чыгарылат.

Товардык белгини каттоо жөнүндө чечимде андагы камтылган корголбогон элементтер аталат.

Товардык белгини каттоо жөнүндө чечим Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринин, негизинен, Париж конвенциясынын жана Мадрид макулдашуусунун негизинде мурунку артыкчылыгын пайдалануучу өтүнмөнүн келип түшүшүнө байланыштуу каттоо күнүнө чейин кайра каралып чыгышы мүмкүн.

Товардык белгини каттоо жөнүндө чечимде төмөнкүдөй маалыматтар келтирилет:

- товардык белги катарында катталуучу белги;
- товардык белгинин ээси;
- өтүнмө берилген датасы;
- товардык белгинин артыкчылыгы;
- алар үчүн товардык белги каттала турган ТКЭК класстары боюнча топтоштурулган товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси.

Товардык белгинин аталышы (аты) арыздагы (**731**) код менен белгиленген графада келтирилген юридикалык жактын толук расмий аталышына же жеке жактын фамилиясы, аты, атасынын атына (эгер бар болсо) ылайыкталып чечимде көрсөтүлөт.

67. Эгер өтүнмө берилген белгиге жүргүзүлгөн экспертиза жүргүзүүнүн натыйжасында жана **Мыйзамдын 14-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык келип түшкөн каршы пикирлерди, алдын ала баш тартууга байланыштуу далилдерди жана эскертүүлөрдү (болсо) карап чыгуунун жыйынтыгын эске алуу менен** белги товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык тизмеси үчүн ушул Эрежелердин 6-10-пункттары менен караштырылган талаптарынын эң кеминде бирине туура келбегендиги аныкталса, өтүнмө ээсине товардык белгини каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим жиберилет.

Товардык белгини каттоодон баш тартуу жөнүндө чечимде ушул Мыйзамга жана ушул Эрежелерге негизделген товардык белгини каттоодон баш тартуунун себептери келтирилет.

**Товардык белгини каттоо же аны каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим өтүнмө ээсине, башка кызыкдар жактарга Мыйзамдын 6-беренеси жана ушул Эрежелер менен белгиленген тартипте жана мөөнөттө жиберилет.**

68. Өтүнмө ээси өтүнмө берилген белгини экспертизасынын чечими менен макул болбогон учурда, тийиштүү алымды төлөгөн шартында, чечимди **жиберген** датадан тартып, **үч** айдын ичинде Аппеляциялык кеңешке каршы пикрин билдирүүгө укуктуу.

Өткөрүлгөн мөөнөт ушул Эрежелердин 45-пунктунун шарттарын сактаганда калыбына келтирилет.

Каршы болгондугу ал келип түшкөн күндөн тартып, **үч** айдын ичинде Аппеляциялык кеңеш тарабынан каралып чыгат.

Аппеляциялык кеңештин чечимине өтүнмө ээси аны алган датадан тартып, **үч** айдын ичинде даттана алат.